Жаштык бул - ЖИГЕР!

# НУР

Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

№01 (214) 2023-жыл, февраль   Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru

# ОшМУнун окутуучуларынын сабактарын УТРКдан көрүңүз



Улуттук телерадио берүү корпорациясы (УТРК) ОшМУ менен биргеликте "Теледарс" көрсөтүүсүн даярдап көрүүчүлөргө сунуштап баштады. Учурда ОшМУда эмгектенген окутуучулардын экология, экономика, тарых, дыйканчылык, бала тарбиялоо, этностор аралык ынтымак багыттары боюнча сабактары тартылып жатат.

Көрсөтүү УТРКдан бейшемби, жума күндөрү саат 15:15те көрсөтүлөт. Узактыгы 45 мүнөттүк теле дарс ОшМУнун "Маркетинг, коммуникация жана коомчулук менен байланыш борбору" маалымат бөлүмү тарабынан тартылып жатат.

## ОшМУда PhD докторантура багытында 7 программа ийгиликтүү иштеп жатат



3-бетте

## STEM инновациялык колледжинин ишмердүүлүгү



5-9-беттерде

# ОшМУ Франциянын Пуатье университети менен кызматташат

Ош мамлекеттик университетинин ректору Кудайберди Кожобеков жана эл аралык байланыштар департаментинин директору Абдыганы Абдувалиев Франциянын Пуатье университетине “Ерасмус+ КА 171” программасынын алкагында аталган университеттин чакыруусу менен барышты.

ОшМУ Пуатье университети менен “Ерасмус+ КА 171” программасынын алкагында эки тараптуу кызматташуу келишимине кол койду. Келишимге ылайык ОшМУнун окутуучулары жана студенттери мындан ары Пуатье университетинен бир семестр окуудан өтүп, семинар-тренингдерге катышып келе алышат.

Жолугушуунун жүрүшүндө ОшМУнун делегациясы окуу жайдын материалдык-техникалык базасы, окуу процессинин уюштурулушу, административдик башкаруусу, илимий жана окуу лабораториясы, спорт комплекстери, жатаканалары менен таанышты.

Мындан ары аталган окуу жай менен илимий долбоорлорду, кош дипломдуу билим берүү программаларын биргеликте ишке ашыруу боюнча кызматташуулар уланат.



# ОшМУда чет өлкөлүк студенттер акыл таймашында беттешти

ОшМУнун чет өлкөлүк жарандар менен иштөө жана консулдук кызмат көрсөтүү бөлүмү окуу жайдын факультеттеринде окуп жаткан чет өлкөлүк студенттердин арасында “Тышкы миграция, визалык маселелер” аттуу брэйн-ринг өткөрдү. Эки рунддан турган интеллектуалдык иш-чарага 6 студенттен куралган 7 команда катышты. Командалар “Виза”, “Миграция”, “Элчилик”, “Жүрүм-турум эрежелери/нормалары”, “Ош шаары жана ОшМУ” боюнча түзүлгөн логикалык суроолорго жооп беришти. Акыл оюну орус тилинде өттү. Ага Индия, Пакистан, Россия, Казакстан, Өзбекстан ж.б. өлкөлөрдөн келип, ОшМУда билим алып жаткан студенттер катышты.

Жыйынтыгында 1-орунду Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин «Union» командасы, 2-орунду Педагогика жана психология факультетинин «Psychologist» командасы, 3-орунду Медицина факультетинин «Будапешт» командасы ээледи. Ошондой эле катышуучуларга “Эрудициялуу команда - Sixth sense”, “Ынтымактуу жана бирдиктүү команда - Union”, “Ажарлуу команда - Интеллектуалдар” жана “Мыкты оюнчу” номинациялары ыйгарылды. Командаларды даярдап, жетектеп келген окутуучуларга ыраазычылык каттар тапшырылды.

Акыл таймашы чет өлкөлүк студенттердин виза, тышкы миграция, Ош шаары жана окуу жай боюнча маалыматтуулугун жогорулатуу, алардын ортосунда достук мамилени чыңдоо, логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү, изденүүсүнө түрткү берүү, кураторлордун алар менен тыгыз иш алып баруусун активдештирүү максатында өткөрүлдү.

Ушул эле аталыштагы иш-чараны ОшМУнун чет өлкөлүк жарандар менен иштөө жана консулдук кызмат көрсөтүү бөлүмү 26-февралда өлкөбүздүн түштүгүндөгү ЖОЖдордо окуп жаткан чет өлкөлүк студенттердин арасында өткөрүүнү пландап жаткандыгын билдирди.

# “VIA melody” эстрадалык ансамбли жандуу музыкалык концерт тартуулады

ОшМУнун башкы имаратындагы жыйындар залында Искусство факультетинин окутуучуларынан жана студенттеринен куралган “VIA melody” эстрадалык ансамблинин тушоо кесүү концерти өттү.



Топтун жетекчилери элдик музыкалык аспаптарда аткаруу жана ырдоо кафедрасынын окутуучулары Нагима Куттубаева жана Ханзаада Каримова.

Тушоо кесүү концерти 23-февраль – Ата Мекенди коргоочулар күнүнүн урматына уюштурулуп, ага окуу жайдын окуу иштери боюнча проректору Замирбек Божонов, дистанттык билим берүү технологиялар менен иштөө боюнча проректору Таасилкан Жумабаева, студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректору Жылдыз Артыкова баштаган окуу жайдын профессордук-окутуучулук курамы, студенттер катышты.

Концерттин жүрүшүндө жандуу үн, жандуу музыканын коштоосундагы улуттук, заманбап ырлар жаңырып, көрүүчүлөрдүн алкышына арзыды. ОшМУнун окуу иштери боюнча проректору Замирбек Божонов “VIA melody” эстрадалык ансамблине чыгармачылык эргүү каалап, окуу жайдын ыраазычылык катын, дипломун жана акчалай сыйлыгын тапшырды.

**ОшМУнун маалымат кызматы**

# ОшМУда PhD докторантура багытында 7 программа ийгиликтүү иштеп жатат

ОшМУнун докторантура, PhD докторантура секторунун коомдук саламаттыкты сактоо жана медицина PhD программасынын жетекчиси, биология илимдеринин кандидаты, доцент Айгүл Момунова окуу жайдагы медицина багытындагы PhD докторантурадагы аткарылып жаткан иштер, алдыдагы пландар боюнча ой бөлүштү.

## Алгачкылардан болуп, ОшМУ консорциумдун катышуучуларынын бири катары 2 докторлук программасын ийгиликтүү ишке ашырды

Дүйнө жүзү боюнча PhD даражасы изилдөөчүлөрдүн илимий жетишкендиктеринин натыйжаларынын көрсөткүчү болуп саналат. Эл аралык илимий коомчулукка ийгиликтүү интеграциялоо, 2015-жылдын 25-сентябрында БУУнун башкы ассамблеясынын күн тартибинде белгиленген туруктуу өнүгүү стратегияларынын максаттарына жетүү үчүн 2019-жылдан бери Кыргызстандын ЖОЖдорунун консорциуму Кыргызстанда PhD программаларын ишке ашыруунун активдүү фазасын баштады.

Ош мамлекеттик университети консорциумдун катышуучуларынын бири катары «Коомдук саламаттыкты сактоо жана медицина» менен «Математика» адистиктери боюнча 2 докторлук программасын иштеп чыкты. Программаларды түзүү боюнча ОшМУнун ректору, физика-математика илимдеринин доктору, профессор Кудайберди Кожобеков жана Эл аралык медицина факультетинин деканы, медицина илимдеринин доктору, профессор Роман Калматов жетектеген эки адистик боюнча жумушчу топтор иш алып барышкан.

Университетте докторантура программаларын ишке ашыруу үчүн материалдык-техникалык базаны түзүүгө жалпы суммасы 180 миң евродон ашуун гранттык колдоо көрсөтүлдү.

Билим берүү жана илим министрлигинин лицензиясынын негизинде Ош мамлекеттик университети 2021-жылдан тартып PhD тармак боюнча докторду даярдоо программаларын ишке ашырууну баштады. 2021-жылы ОшМУда алгачкы жолу PhD докторантура программасы Erasmus+ программасынын Derecka долбоорунун





алкагында ачылып, доктoранттарды кабыл алууну баштаган.

## Докторанттар илимий-изилдөө ишмердигин долбоордун негизинде чет өлкөдө, чет өлкөлүк илимий жетекчиси менен жүргүзүүгө да мүмкүнчүлүгү бар

Бүгүнкү күндө ОшМУнун коомдук саламаттыкты сактоо жана медицина багыты боюнча 26 докторант билим алууда. Ар бир докторантка ОшМУнун илимий кеңеши аркылуу экиден жетекчи дайындалган. Анткени докторантка PhD доктору же тармактар боюнча доктордон төмөн эмес даражасы бар эки илимий кызматкер жетекчи болуп, алардын бири чет өлкөлүк ЖОЖдун окумуштуусу болушу керек.

Илимий жетекчилик дистанттык билим берүү технологияларын колдонуу менен да ишке ашырылат. Илимий жетекчинин WEB of Science жана Scopus базаларында индекстелүүчү нөлдөн жогору импакт-факторго ээ болгон ата мекендик жана чет өлкөлүк илимий басылмаларда акыркы беш жылда жарыяланган экиден кем эмес илимий публикациялары, беделдүү илимий форумдардагы баяндамалары болушу зарыл.

Илимий изилдөө ишмердигин проекттин негизинде чет өлкөдө, чет өлкөлүк илимий жетекчиси менен жүргүзүүгө да мүмкүнчүлүгү бар. Буга байланыштуу эки жыл аралыгында бир канча докторанттар ОшМУдагы илимий жетекчилери менен Европа өлкөлөрүндө илимий изилдөөлөрдү ийгиликтүү жүргүзүп келишти.

Ошондой эле англис тилин интенсивдүү медициналык жана академиялык багытта изилдөөчүлөргө үйрөтүү үчүн атайын курстар да уюштурулуп келет. Акыркы эки жылда докторанттар чет тилде илимий иштерин жаза башташты. Чет тилинде илимий иштерди жазуу тартибин өздөштүрүштү деп айтсак болот.

## PhD диссертациясын ийгиликтүү коргогон докторантка илимий философия доктору (PhD) тармактар боюнча доктор квалификациясы ыйгарылат жана диплом берилет

PhD докторантурада окуу 3 жылдан кем эмес мөөнөттү түзөт жана окуу күндүзгү окуу формасы боюнча ишке ашырылат. Дистанттык билим берүү технологияларын колдонууга да жол берилет. Билим берүү программасы 180ден 240ка чейинки кредитти түзөт, анын ичинде 60тан кем эмес кредит окуу сабактарын окутууга жумшалат. Илимий изилдөө ишинин эмгек көлөмү түрдүү багыттагы практикаларды жана стажировкаларды, ошондой эле аттестациялардын бардык түрүн, анын ичинде PhD диссертациясын



коргоону кошуп алганда 120дан кем эмес кредитти түзөт.

Докторанттарды окутуу процессинде жекече окуу планы түзүлүп, илимий изилдөө иштери окуу планына ылайык жылына бир жолу илимий жетекчилер тарабынан аттестацияланат.

PhD программасына кабыл алуу үчүн клиникалык ординатураны же коомдук саламаттыкты сактоо адистиги боюнча магистратураны аяктагандыгы тууралуу сертификат болушу зарыл.

Кыргыз Республикасында PhD программасын өнүктүрүү, уюштуруу, КРдин илим жаатында жаңы мыйзамдардын негизинде КР өкмөтүнүн 2020-ж. № 601 токтомунун негизинде PhD диссертациясын ийгиликтүү коргогон, ошондой эле окуу планын толук аткарган докторантка илимий философия доктору (PhD) тармактар боюнча доктор квалификациясын ыйгаруу жөнүндө чечим чыгарылат жана диплом берилет.

## PhD багытындагы профессордук окутуучулук курам жана докторанттар жаңы системаны өздөштүрүүсү үчүн тажрыйба алмашуу маанилүү

Докторантура программаларын ишке ашыруунун негизги милдеттүү компоненти болуп докторанттардын тышкы жетекчилердин жетекчилиги астында чет өлкөлүк уюмдарда илимий стажировкадан өтүшү саналат. Жаш окумуштууларды колдоо максатында PhD программаларын биргелешип ишке ашыруу боюнча бир катар меморандумдарга жетишилди. 2022-жылдан бери Испаниянын Кадис университети менен биргелешкен программа ишке ашырыла баштады. Түркия жана Германиянын университеттеринде стажировкадан өтүү пландалууда. ОшМУ докторанттарды стажировкадан өткөрүү үчүн долбоорлорду, гранттарды тартууда, алардын чыгымдарын жабуу үчүн каржылык колдоолорду бөлөт.

Мисалы, 2021-жылы ОшМУнун PhD докторанттары жана аспиранттары үчүн азыркы учурда абдан актуалдуу багыт катары эсептелген DATA илими (Наука о данных) жана чоң маалыматтар



(Большие данные) боюнча Германиянын Гамбург университетинин профессору Марина Тропманн-Фрик ОшМУда лекция окуду.

2022-жылдын май айында ОшМУнун магистратура жана PhD докторантура департаментинин директору Идирисбек Кенжаев баштаган ОшМУнун илимий делегациясы Испания мамлекетинин Кадис университетине илимий ишмердүүлүктө чогуу аракеттенүү максатында атайын иш сапарында болуп келишти. ОшМУдан барган делегация Кадис университетинин жетекчилиги, окумуштуулары менен жолугушуп, илимий багытта аспиранттарды, магистранттарды, PhD докторанттарды биргеликте даярдоо боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүздү. Жаңы окуу жылында бул багытта испандык делегация ОшМУга келип кетти.

PhD багытындагы профессордук окутуучулук курам жана докторанттар жаңы системаны өздөштүрүүсү үчүн тажрыйба алмашуу активдүү жүрүүдө. Мисалы, окутуучулар, илимий жетекчилер, докторанттар Кадис университети (Испания), Гедиминас университети (Литва), Гамбург университети (Германия), Брунель университети (Улуу Британия) сыяктуу атактуу университеттерде стажировкаларга, илимий семинарларга, илимий изилдөөлөргө барып келүүдө.



## ОшМУ докторантураны ачуу үчүн 5 жыл даярданды

Докторантурага чейин бул долбоордун негизинде «Коомдук саламаттыкты сактоо» багытында магистратура ачылып, анын негизинде билим берүүгө толук шарт түзүү үчүн ар тараптуу техникалык, илимий, системалык даярдануулар болду.

Докторанттарды даярдоодо атайын өзүнүн критерийлери жана стандартка жооп бере турган шарт түзүлүүсү кажет. ОшМУда докторантурага талап кылынган баардык шарт бар. Материалдык техникалык базасы үчүн медициналык клиникалардын жабдылышы бүгүнкү күндөгү сапатка жооп бере турган ресурстар менен окуу жай тарабынан толукталууда. ОшМУнун ректору К.Кожобеков докторанттарды даярдоодо мүмкүн болгон бардык шарттарды түзүп берүүдө. Ал эми биз мыкты жыйынтыкты көрсөтүүнүн үстүндө иштеп жатабыз.

Профессордук окутучулук курам 100% илимий наамы бар билим берүү программалары менен камсыздалган. Докторантурада окугандарга илимдин кандидаттары жана докторлору билим беришет.

WEB of Science жана Scopus базаларында жарыяланган илимий макалалар үчүн кошумча 10 миң сом төлөнөт, ошондой эле профессордук-окутуучулук курамдын стимулдук рейтингине, илимий стажировкаларына материалдык колдоо көрсөтүлөт. Ал эми азыркы учурда эл аралык аккредитациядан өтүү милдети турат.

Бүгүнкү күндө ОшМУда PhD докторантура багытында беш программа иштейт. Алар математика, коомдук саламаттыкты сактоо жана медицина, экономика, физика, электро энергетика жана электротехника.Ал эми колдонмо информатика жана математика, филология багыттары жаңыдан ачылып, кышкы кабыл алууда докторанттарды кабыл алат.

**М. Осмонали кызы**

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

# STEM
# билим берүү технологиясынын негизин инженердик ойлоп табуучулуктун ыкмасы түзөт

*"Нур" гезити заман менен жарышып, кужурмөн эмгектин үстүндө иштеп жаткан STEM инновациялык колледжинин эмгек жамаатынан кабар алып, баарлашып келдик. Студенттер жаңы технологияларды өздөштүрүп, келечекке татыктуу адис болууга камданып жатат. Сиз да ортоктош болуңуз, ОКУРМАНЫМ.*



**Абдылакимова Бегайым Кенжематовна, STEM инновациялык колледжинин директору, ф.и.к.доцент:**

## "Убакытты туура пайдаланып, ийгилик формуласын жаратабыз"



Биз салттуу билим берүүнү айкалыштырып, дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине чыктык. STEM инновациялык колледжи сапаттуу билим, жаңы технологияны колдонуу менен мыкты адис болууга, келечектеги максатыңызга жетүүгө көпүрө болуп берет деген ишеничтебиз. STEM билим берүү технологиясынын пайдалуу жактары:

1. Илим
2. Технология
3. Инженерия
4. Математика

STEM жөндөмдөрдүн жана чыгармачылыктын жакын шериги жана биргеликте жаңы идеяларды жана инновацияларды жаратуучу. Аларсыз санариптик окутуунун акыркы абалдарын да үйрөнүүгө мүмкүн болбой калмак. Бул технологиялар болсо, адамдын акылы менен жетүү мүмкүн экенин билген адамдар тарабынан түзүлгөн.

Билим берүү иш-чараларынын жүрүшүндө студенттер бир эле нерсени кайра-кайра жасоого мүмкүнчүлүк алуу менен коопсуз чөйрөдө үйрөнүүгө шарт түзүлөт. STEM билим берүү студенттердин окуу процессинин бөлүгү катары андагы каталарын кабыл алууга мүмкүндүк берет жана каталардын ийгиликсиз экендигине студент өзү баалап андан ары аларды аны ишке ашырууда ишеним арттырат, ката кетирүү акыры ийгиликке алып келүүнүн жараянынын бир бөлүгү болуп саналат.

Тобокелдикке баруу же эксперименттер болбосо, ондогон жылдардан бери акыркы эки жылда пайда болгон технологиялык жетишкендиктер мынчалык көп болмок эмес. Бул технологиянын жаңылыктарынын башаты "Кел жасап көрөлүчү" деген тобокел фразалар менен башталган.

Ар түрдүү жөндөмдүүлүктөргө ээ болгон студенттер командада чогуу иштешет жана ар андай көйгөйлөрдү эсепке алуу, маалыматтарды, отчётторду жазуунун жолдорун биргеликте табууга түрдүү катаал шарттарга карабай аракет кылышат.

STEM билим берүү системасында, студенттер, чыныгы дүйнөдө жашоону үйрөнүшөт жана үйрөнүүгө ынтызаарлыгын өнүктүрөт. Алар жумушка киргенде кабыл алган жөндөмдүүлүктөрүн жаңы милдеттерди аткарууда колдонушат жана алар жакшы шарттарды жаратат.

Балдарга технологиянын күчү тууралуу үйрөтөт. Ошентип, окуучулар жаңы технологияларды жолуктурганда коркунучтуу болуп көрүнгөндүн ордуна, аларды кабыл алууга даяр болот. Бул дүйнө барган сайын технологиянын заманы болуп бара жатат, дүйнөлүк аренада турмушту алып кетүүгө чоң жардам берет.

Билим берүү, алардын критикалык ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн колдонуп, маселелерди кандай чечүүнү студенттерге үйрөтөт. Тажрыйба үйрөнүшөт, окуучулар маселелерди карап, анан аларды чечүү үчүн план түзүү менен дагы эмне кылуу керектигин талкуулашат.

Куттуу окуу жайыбызга тапшырып, илим-билим чөйрөсүнө аралашып, жаңыча көз караш калыптандырып, өзүңүздү ар тараптан өнүктүрүүнү максат кылсаңыз STEM инновациялык колледжинин эшиги сиз үчүн ачык. Бизди колледжде жаштыктын деми менен көкүрөккө батпаган идеялардын үстүндө иштеп күн сайын изденүүнүн үстүндө жүрүп, убакытты туура пайдаланып, ийгилик формуласын жаратабыз!

**Сарыков Рысбек Базарбаевич, директордун окуу иштери боюнча орун басары:**

## "Заман талабына ылайык шарттарды түзүүдөбүз"



STEM инновациялык колледжи 2020-2021-окуу жылы түзүлүп, 7 тармак боюнча адистик, 780 студент билим алса, бүгүнкү күндө тармактар боюнча 10 адистик болуп, күндүзгү жана сырттан окуу багыты боюнча билим берүүгө багытталган. Жалпысынан 3 бөлүм, 1 цикл болуп, профессордук-окутуучулук курамдын саны 110 дон ашат. Колледжде илимдин докторлору, кандидаттары, аспиранттар жана магистранттар билим беришет. Күндүзгү окуу бөлүмүндө 1648 студент 66 тайпа, сырттан окуу бөлүмүндө 247 студент 9 тайпа окуп жатат. Студенттердин алган билимдерин практикада бышыктап, ийримдер менен заман талабына ылайык билим алуусуна шарттарды түзүү менен иш алып барып жатабыз. Адистерге арналган тармактык инновациялык ийримдер жана конок лекциялар уюштурулат.

**Халмурзаев Абдирашит Назирбекович, директордун илимий иштери боюнча орун басары:**

## "3D атлас жаңы технологиясын алып келдик"



STEM инновациялык колледжинин окутуучулары илимий макалаларды такай чыгарып келишет. Илимий иштерди өнүктүрүү колледждин алдына койгон максаттарынын бири. Бул багытта Самара агрардык университети менен биргеликте анатомия сабагына 3D атлас жаңы технологиясын алып келдик. Жаңы технологиянын артыкчылыгы жаныбардын ар бир системасын, органын ачып көрсөтүп, аны чоңойтуп, кичирейтип, астынан, үстүнөн кароого болот. Колледждин IT тармагында эмгектенген окутуучулар программаны окуп, изилдеп, жеңилдетилген формаларын иштеп чыгуу жагын кароо керек экендигин белгилеп кетишти. Самара агрардык университети менен биргеликте илимий конференция “Илим менен техниканын инновациялык жетишкендиктери” аттуу ИЛИМ ЖУМАЛЫГЫ ийгиликтүү өткөрүлдү жана 2023-жылдын июль айында “I Волга” эл аралык жаштар форумуна ОшМУнун жаш окутуучулары жана студенттери катышып келүүсү күтүлүүдө.

2021-жылдын сентябрь айында Талас шаарында Талас облустук агрардык экономикалык колледжинде польшалык кесиптештерибиздин катышуусунда Кыргыз Республикасынын ветеринардык палатасы тарабынан уюштурулган тажрыйба алмашуу практикалык семинарын өткөрдүк.

Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, география илимдеринин доктору, профессор Курманали Матикеевдин 80 жылдык маарекесине арналган "III Матикеевдик окуулардын" алкагында "Жаш окумуштуулардын илимий изилдөөлөр, гипотезалар, практикалык сунуштар, иштелмелер" аттуу илимий-практикалык конференция ОшМУда 2021-жылдын декабрында өткөргөнбүз.

**Жолборсов Саматбек Абабакирович, директордун эл аралык байланыштар боюнча орун басары:**

## “Дүйнө мейкиндигине багыт алдык”

Чет өлкөлүк жана ата мекендик жогорку окуу жайлар аралык, эл аралык уюмдар, программалар, фонддор, өкүлчүлүктөр менен алака түзүп сырткы жана ички байланышты чыңдап, кызматташтык горизонтту кеңейтүү колледжибиздин башкы максаттарынын бири болуп саналат. STEM инновациялык колледжинин окутуучулары жана студенттери чет өлкөлүк окуу жайлар менен ар кандай программалар, түзүлгөн келишимдердин негизинде иш алып барып тажрыйба алмашууларды жана илимий иш сапарларды уюшурууда. Учурда Түркия Республикасынын Стамбул шаарындагы Yalova университети жана Kastamonu университети, Afion университеттери менен түзүлгөн келишимдердин негизинде 2021-жылдын бүтүрүүчүлөрү жогорудагы окуу жайларда билим алууда.

2021-жылкы автомобиль унааларынын техникалык тейлөө жана оңдоо адистигинен 2 студентибиз Туркия Республикасына Yalova университетине өз кесибин улантып конкурстардан эң жакшы көрсөткүчтөрдү




көрсөтүп, STEM инновациялык колледжине Илим, өнөр жай, технология министрлигинин өндүрүштүк башкы менеджери Анил Йылмаздан мактоо баракчасын алды.

2021-жылдын декабрь айында залкар жазуучу Ч.Айтматовдун 93 жылдыгына карата Kastamonu университетинин студенттери семинар уюштуруп, STEM инновациялык колледжинин директору ф.и.к.доцент Б.К.Абдылакимова Ч.Айтматов боюнча доклад окуп, ПГс-9-1-21 тайпасынын студенти комуздун коштоосунда кыргыз күүсүн аткарып берди.

Америкадан келген волонтёр Темати Воолду жана Фулбрайт окутуучусу Мариям Маликти 2022-2023-окуу жылында дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинде жана STEM инновациялык колледжинде тажрыйба алмашуу, англис тилин үйрөтүү максатында келип натыйжалуу жумуштар жасалууда.

2022-жылдын 1-4-декабрь күндөрү Казакстан Республикасынын Алматы шаарында жайгашкан К.И.Сатпаев атындагы университетине Жумаш Токтосунов, Самат Боронов “Архитектура, Мархщейдер жана геодезия” факультеттеринде лекция окуп, геодезия адистигинин приборлору менен таанышып тажрыйба алмашышты. Казакстандын эң мыкты курулуш EST GRUOP компаниясынын семинарына катышып, Канстантин Поповтун сыйлыктары менен сыйланды.

Келечекте өлкөбүздөгү окуу жайлар арасында ОшМУ жана STEM инновациялык колледжинин академиялык мобилдүүлүк жүргүзүү деңгээлин жогорулатууга багыт алып бара жатабыз.

**Асанов Бектур Үсөнович, директордун тарбия иштери, келишимдик төлөмдөр боюнча орун басары:**

# "Жамаатыбыз ар тараптуу талант ээси"



STEM инновациялык колледжинин түзүлгөнүнө аз эле убакыт болсо да профессордук-окутуучулук курамы ынтымагы менен 2022-жылы Ош мамлекеттик университетинин факультеттер, колледждер аралык профессордук-окутуучулук курам жана кызматкерлеринин ортосунда өткөрүлгөн XXX спартакиадасында STEM инновациялык колледжи жалпы эсеп менен 2-орунга жетишти.

Спорттун бир топ түрлөрү менен ийгилик жаратып келе жаткан студенттер колледжибиздин сыймыгы. Тарбия багытында иш-чаралар, тазалык акциялары, майрамдык кечелер кызыктуу уюштурулуп, студенттерибиз ар тараптуу талант ээлери болуп өсүп келе жатышат. Тарбия багытында ар бир кураторлор иш-пландарды иштеп чыгып, ошонун негизинде пландуу иштерди аткарышат. Жатаканада жашаган студенттерибиз менен тыгыз байланыштабыз. Колледжибизде болуп жаткан иш-чараларды коомчулукка жеткирүү үчүн фейсбук, инстаграм, тик-ток социалдык сайттарда **@oshsu_stem** баракчасы жана **www.stem.oshsu.kg** сайты активдүү иштейт.

**Сатыбалдыев Байсал Салиевич, Профессионалдык дисциплиналар бөлүмүнүн башчысы:**

# "Биздин бөлүм жогорку квалификациялуу адистерден турат"

Профессордук-окутуучулук курамы жаңы усулдар жана технологияларды колдонуу менен студенттерге билим берүүдө жана чоң тажрыйбаларга, ийгиликтерге жетишкен жогорку квалификациялуу адистерден турат. Азыркы учурда бөлүмдө жалпы 51 окутуучу жана көмөкчү персоналдар иш алып барууда. Колледжде профессорлор, илимдин кандидаттары, аспиранттар жана магистранттар эмгектенишүүдө.

Америкалык ыктыярчы Фулбрайт окутуучусу Мариям Малик 2022-2023-окуу жылында STEM инновациялык колледжине тажрыйба алмашуу, англис тилин үйрөтүү максатында келди. Ыктыярчы туризм адистигиндеги студенттердин тил билүү деңгээлин жакшыртуу максатында "Talking club" уюштурулуп, окутулуп жатат. Ош мамлекеттик университети менен Москва мамлекеттик геодезия жана картография университеттеринин ортосунда кош дипломдуулук ишке ашат.

2021-жылдан баштап жыл сайын ноябрь айында «Кубок Азия» аталышындагы спорттук туризм мелдешине «Туризм» адистигинин



студенттери «Дестиниция Ош» коомдук бирикмеси менен биргеликте барып катышты. Бул иш-чарага студенттерди Сарыков Рысбек Базарбаевич жетектеп барды жана 13 команданын ичинен алдынкы орундарды алып келди.

STEAM OLYMPIAD 2021 Республикалык проектик жана предметтик олимпиадага ОшМУнун STEM инновациялык колледжинен 9 студент катышты. Жалпы 3 тур болуп, 1-турдан баары ийгиликтүү өтүштү.

Мындан сырткары туризм адистигинин студентери STEM TRAVEl аталышындагы студенттик сезондук турларды уюштурушат. Ветеринария адистигинин студенттери практикада жаныбарлардын ооруларына карап айыктырып, операция жасап жатышат.

**Маразаков Шавкат Адылбекович, адистештирилген дисциплиналар бөлүмүнүн башчысы:**

# "Бир топ окуу жайлар менен алакабыз жолго коюлган"

"Адистештирилген дисциплиналар" бөлүмүндө 2 техника илимдеринин кандидаты, 7 магистр жана 6 окутуучу эмгектенип жатышат, билимдерин өркүндөтүү үчүн адистик боюнча уюштурулуучу семинар жана конференцияларга катышып жатышат.

Билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында төмөнкү эл аралык институт жана университеттер менен тыгыз байланышта: Физика–техникалык институту НПО "Физика–Солнце", Ташкент шаары; Фергана политехникалык институту, Фергана шаары; Андижан машина куруу институту, Андижан шаары; Кыргыз техникалык университети, Бишкек шаары; Южное отделение НАН КР, Ош шаары; Кыргыз-Өзбек университети, Ош шаары; Ош Технологиялык университети, Ош шаары.

Ошондой эле университетте чоң мааниге ээ болгон стартап проектилери менен дагы бир канча иштер улантылууда жана өз мөмөсүн бере баштады. Колледждин студенти Жаркынбай уулу Кутман ОшМУнун бизнес стартап жана USAID коомдук уюму тарабынан каржыланган 2000 АКШ долларында акча инвестиция тартты, Алишеров Исхак, Алишер уулу Акжол Бишкек шаарында уюштурулган илимий-техникалык көргөзмөдө «Шаговый генератор», жана «Воздухоочиститель» моделдерин сунуштап жеңүүчү болушту жана ОшМУнун ректору К.Г.Кожобеков тарабынан ар бири 10000 сомдон акчалай сыйлык менен сыйланды.

Айта кетсек акыркы жылдарда "Автоунааны техникалык тейлөө жана оңдоо" адистиги боюнча практикалык сабактарды уюштуруу үчүн университет тарабынан ГАЗ-32213, ГАЗ-3102-311, Даймлер-бенц-210 үлгүсүндөгү автоунаалары бөлүнүп берилген. "Медициналык техникаларды оңдоо, техникалык жактан тейлөө жана



монтаждоо" адистигинде билим алган студенттерибиз ОшМУнун медициналык клиникасы тарабынан сунушталган келишимдин негизинде адистик үчүн атайын окуу каана бөлүнүп берилген. 2021-2022-окуу жылында клиникадагы шаймандарды оңдоп-түзөөдөн ОшМУ жана медициналык клиника эсебинен болжол менен 800 миң сом акча үнөмдөлгөн. Окуу жана өндүрүштүк практикаларды уюштурууда Ош шаарындагы жеке менчик жана мамлекеттик ишканалары: Ош шаарынын "Электр тармактары ишканасы", Ош шаардык жылуулук электр борбору, медициналык клиникалар, Ош шаардык муниципалдык ишканасы, шаардык көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты, жана бир канча медициналык клиникалар менен тыгыз байланышта.

**Сатаров Арзымат Эминович, Информациялык технологиялар бөлүмүнүн башчысы, ф.-м.и.к., доцент:**

## Информациялык технологиялар бөлүмүнүн ишмердүүлүгү



2022-23-окуу жылында ОшМУнун ректорунун №3280-ФХД/22 30.08.2022 буйругунун негизинде "Техникалык эсептөөчү каражаттарды жана компьютердик тармактарды техникалык тейлөө (ТОСВТиКС)",Колдонмо информатика (ПИ)" жана "Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу (АСОИУ)" билим берүү программалары ОшМУнун STEM инновациялык колледжинин курамына өткөрүлүп, "Информациялык технологиялар" бөлүмү түзүлгөн. Жогорудагы аталган билим берүү программаларын реализациялоодо, бөлүмдө 42 профессордук окутуучулук курам 1000ге чукул студенттерге кесиптик билим берүү, тарбиялоо жаатында ийгиликтүү эмгектенүүдө. Бөлүмдүн жалпы ишмердүүлүгү улуу кытай аалымы Конфуцийдин "Мага айтсаң – унутушум мүмкүн, мага көргөзсөң – эстешим мүмкүн, өзүмдүн жасоомо берсең – туура аткарууга көнүгөм" деген учкул сөзүн девиз катары эске алуу менен, абитуриентти – татыктуу студентке, студентти – компетенттүү адиске даярдоо аракеттерин ишке ашыруу болуп, бул үчүн өз учурунда профессордук окутуучулук курамдын педагогикалык жана профессионалдык компетенттүүлүгү, ата-энелердин тарбиялоо көмөгү, иш берүүчүлөрдүн кызматташуусу чоң роль ойнот келет.

ОшМУнун жана колледждин миссия жана стратегиялык пландарынын негизинде, бөлүмдүн окутуучу жана кызматкерлери студенттерди окутуу-тарбиялоо иштери КР билим берүү жана илим министрлигинин, окуу жайдын, көз карандысыз аккредитациялык агенттиктин талап, эреже, сунуштамаларын ишке ашыруу менен сапатты көтөрүүгө багытталган.

**Мамай уулу Женишбек, STEM инновациялык колледжинин Start Up жетекчиси:**

## "Жашатар бизнес паркы бизнес идеяларды ишке ашырууда"



Ош мамлекеттик университетин алдында ачылган жаштар Бизнес парктын ачылышы өзгөчө идеяга ээ болгон талантуу студенттердин бизнес идеяларын ишке ашырууга чоң түрткү болду. ОшМУнун жаштар бизнес паркы ачылгандан тартып STEM инновациялык колледжинин студенттери да активдүү катышып бир топ бизнес идеяларды алып чыкты. Бизнес паркта уюштурулган конкурстун жыйынтыгында колледжибиздин ЭТЭАс9-2-21 тайпасынын студентти Жаркынбаев Кутман өзүнүн инкубатр бизнес идеясын мыкты коргоп биринчи орунду камсыздап 2 миң доллар грантка ээ болду. Андан сырткары коллежибизде директорубуздун демилгеси менен өзгөчө идеяга ээ болгон студенттерди топтоп алардын бизнес идеяларын талкуулап андан ары ОшМУнун жаштар бизнес паркы уюштурган конкурска катыштыруудабыз.Университетибизде студенттер үчүн түзүлгөн мындай шарт студентердин билим алууга болгон кызыгуусун күчөтүп аны менен кошо бизнес идеяларын ишке ашырууга жардам берет. Мындан ары да студенттерибиздин окууларына албан-албан ийгиликтерди каалоо менен ар бир студентибиз кесибинин мыкты адиси жана бизнесмен болушуна тилектешмин.

**Шакиров Кылычбек Курбанбекович, Информациялык-Коммуникациялык дисциплиналар циклынын башчысы:**

## "Заман талабына ылайык ийримдер уюштурулат"



ОшМУнун, STEM инновациялык колледжинин Информациялык технологиялар бөлүмүндө Информациялык коммуникациялык дисциплиналар циклинде азыркы замандын талабына жооп берген "АСОИУ"-Информацияларды иштетүүнүн жана башкаруунун автоматташтырылган системалары жана "ПИЭ"- Колдонмо информатика (экономика аймагында) адистиктери окутулат. Мында маалымат технологиялардын актуалдуулугун, програмалоо тилдерин, компьютердин түзүлүштөрүн, робототехника, заманбап программалоо тилдери, графикалык дизайн сыяктуу кружоктор уюштурулуп турат. ИКД циклинин профессордук окутуучулук курамы билимдүү идеяга бай жаштардан түзүлгөн.

**Жоодарбек кызы Аселайым, Өндүрүштүк практика жетекчиси:**

## "Ар бир адистиктин окуу планында практикага өзгөчө көңүл бурулат"



STEM инновациялык колледжи 10 адистик боюнча орто кесиптик билим берүүгө багытталган. Ар бир адистиктин окуу планында практикага өзгөчө көңүл бурулат. Окуу планында практиканын 3 түрү бар. Алар окуу-таанышуу, өндүрүштүк жана дипломго чейинки. Окуу-таанышуу практикасынын максаты эмгек рыногуна туруктуу жана кесиптик ишмердүүлүктүн жаңы шарттарына интегрирленүүгө жөндөмдүү болгон, универсалдык жана кесиптик компетенцияларга ээ болгон адистерди даярдоо. Ал эми, өндүрүштүк практиканын максаты: студенттерибиз теориялык алган билимдерин практика жүзүндө өндүрүштө бекемдеп келишет. Колледжибиз Ош, Жалал-Абад, Баткен областарындагы 60тан ашуун өндүрүштөр менен келишимдерди түзүп студенттерге практикага чыгууга багыт берет.



ОшМУнун профессордук-окутуучулары арасындагы спортакиаданын жыйынтыгы боюнча II орун


Туркия мамлекетинин Кастамону университетинде Ч.Айтматовдун 93 жылдыгына арналган иш-чарада


Биздин окутуучулар Казакстандын Астана шаарындагы Сатбаев университетинде тажрыйба алмашуу учурунда



ТОСВТс-9-3-22 тайпасынын студенти Миразизов Мухаммадкодыр Индонезиянын Жакарта шаарында III орунда



Өзбекстандын Джизах облусунун Бахмал районунда спорттук туризм боюнча дүйнө чемпионатында III орун


Хайдарова Айткан кыздар арасындагы КРдин Женил атлетика боюнча ачык биринчилигинде 200 метр аралыгында II орунда


Кайратбек Бектемир уулу Бишкек шаарында өткөн шахмат боюнча Москва мамлекеттик университетинин кубогуна тандоо турниринде I орун

| Адистиктердин аталышы | Даражасы | Окуу формасы | Окуу мөөнөтү 11 база | 9 база |
|---|---|---|---|---|
| Туризм | Орто кесиптик | Күндүзгү | 1 жыл 10 ай | 2 жыл 10 ай |
| Колдонмо геодезия | Орто кесиптик | Күндүзгү | 1 жыл 10 ай | 2 жыл 10 ай |
| Ветеринария | Орто кесиптик | Күндүзгү | 1 жыл 10 ай | 2 жыл 10 ай |
| Автомобиль унааларын техникалык тейлөө жана оңдоо | Орто кесиптик | Күндүзгү, сырттан | 1 жыл 10 ай, 2 жыл 6 ай | 2 жыл 10 ай |
| Электр менен жабдуу (тармактар боюнча) | Орто кесиптик | Күндүзгү, сырттан | 1 жыл 10 ай, 2 жыл 6 ай | 2 жыл 10 ай |
| Медициналык техникаларды оңдоо, техникалык жактан тейлөө жана монтаждоо | Орто кесиптик | Күндүзгү | 1 жыл 10 ай | 2 жыл 10 ай |
| Транспорттук электр жабдууларын жана автоматикасын эксплуатациялоо (транспорттун түрлөрү, суу транспорттон башкасы) | Орто кесиптик | Күндүзгү | 1 жыл 10 ай | 2 жыл 10 ай |
| “Информацияны иштетүүнүн жана башкаруунун автоматташтырылган системалары (тармактар боюнча). | Орто кесиптик | Күндүзгү, сырттан | 1 жыл 10 ай | 2 жыл 10 ай |
| Колдонмо информатика (тармактар боюнча). | Орто кесиптик | Күндүзгү, | 1 жыл 10 ай | 2 жыл 10 ай |
| “Техникалык эсептөөчү каражаттарды жана компьютердик тармактарды техникалык тейлөө” | Орто кесиптик | Күндүзгү | 1 жыл 10 ай | 2 жыл 10 ай |

**Байланышуу: +996(224)-01-01-09, @oshsu_stem**

# Адистен кеңеш

Мнемоника – бул кыска убакыттын ичинде маалыматтарды тез жана сапаттуу жаттап калуучу техникалардын топтому болуп эсептелет. Мнемоника аркылуу бир сааттын ичинде 180 сөздөн 320 сөзгө чейин англис тилинен же чет тилдеринен сөз жаттап калса болот. Мындан сырткары тарыхый даталарды, тексттерди, мамлекеттердин борбор шаарларын, жалпылап айтканда, бардык нерсени бир окуганда сапаттуу жана тез эске сактап калуу. Мнемоника боюнча адис, ОшМУнун бүтүрүүчүсү, өзүн Кыргызстандагы биринчи мнемонист катары тааныштырган Нуристан Марат уулун кепке тарттык.



**Нуристан Марат уулу Ош облусуна караштуу Кара-Суу районундагы Тээке айылында туулган. Ош мамлекеттик университетине 2014-жылы Менеджмент Туризм адистигине тапшырып, 2018-жылы бакалавр, 2020-жылы магистратураны аяктаган. ОшМУда окуп жүргөндө окуу жайдын алдынкы студенти катары президенттин "Үмүт" стипендиясын алган жана "Окумуштуулар кеңешинин" стипендиаты болгон. 2017-жылы премьер-министр Сапар Исаковдун ОшМУга болгон саякатында, премьер-министрге берилген суроолордун ичинен "Эң мыкты суроо" –деп табылып, атайын сыйлыгына ээ болгон. Андан сырткары география боюнча регионалдык олимпиаданын 3 жылдык жеңүүчүсү.**

***-Саламатсызбы? Бул тармакка кандайча кызыгып калдыңыз эле?***

-Саламатчылык! Мен мектепте окуп жүргөндө эле эс тутумум аябай жакшы болчу. Көп маалыматтарды эске сактап калуум мугалимдерди таң калтырчу. Республикалык олимпиадага чыгуума бул эс тутум жардам берген. Бирок 2021-жылы ноябрь айында мен биринчи жолу Өзбекстандагы белгилүү мнемонист Давронбек Турдиев "Я могу" шоуго барганын көрүп шок болгонмун. Көп маалыматты бат жаттаганы таң калтырган. Ошол күнү, түнү менен ойлонуп, Давронбек Турдиев тууралуу маалымат издеп таап, Ташкентте бул сферада билим алдым. Курсту бир айда окуп бүтүрүп, жеке методикасын түзүп октябрь айында "Супер мээ" курсу старт алды. Учурда он-лайн жана офф-лайндан 120дан ашык студент бүтүрдүм.

Азыркы учурда курс убактылуу токтотулду. Себеби буга чейин мнемоника тармагында результат көргөзө алган инсандарды чемпионаттарга даярдап жатам. 12-16-декабрь аралыгында Самаркандда өткөрүлгөн эл аралык чемпионатка карындашым экөөбүз катышып келдик. Ушул жылдын сентябрь айында Өзбекстанда ири масштабдагы мнемоника боюнча чемпионат өтөт. Сыйлыктары көп өлчөмдө коюлат. 1-орунга 30миң доллардан башталат экен. Бул аябай чоң көлөмдөгү сумма. Менин максатым–Кыргызстандын курама командасын түзүп чыгуу.

***-Мнемоника бардык эле адамга оң таасир тийгизе алабы?***

-Адамдардын бардыгы эле биологиялык



факторлорго таянганда бирдей түзүлүшкө, салмакка ээ,бирдей функцияны аткарат. Маселе аны ким кандай максатта колдонот? Мисалы, бычак менен бир эле учурда картошка, жер-жемиштерди же айнектеги катып калган кырындыларды тазаласа болот. Ошол эле учурда, адам өлтүрсө дагы болот. Бул жерде куралды ким кандай максатта пайдаланат. Мен айта алам ар бир адам мнемонист боло алат. Учурда түрдүү соц тармактардын негизинде адамдардын эс тутуму начарлап жатат жана ар кандай эс тутумду жоготуучу оорулардын саны өсүп кетти. Ал эми мнемоника бул нерсеге жардам бере алат.

***-Мнемониканын дагы кандай пайдалуу жактары бар?***

-Мнемониканын артыкчылыгы эс тутумду өстүрүүдөгү эң негизги курал. Дүйнөдө эс тутумду өстүрө турган башка эч кандай илим жок. Ал эми мнемониканы эс тутумду өстүрчү же өнүктүрүүчү атайын математика, физика сыяктуу илим деп айтса болот. 1990-жылдан баштап дүйнөдөгү эң күчтүү инсандар ар кайсы мамлекеттерден чогулуп, чоң рекорддорду жараткан. Мисалы, 5 мүнөттүн ичинде 630 санды эске сактап кала алган десек көбү ишенбейт. Же болбосо 5 мүнөттүн ичинде 154 тарыхый даталарды жаттап калган инсандар бар. Себеби мнемоника аркылуу маалыматтын каалаган түрүн кыска убакыттын ичинде сактап калууга мүмкүн. Жалпы статистика боюнча адам бир жылда бир жарым миң сөз жаттайт. Ал эми мнемоника аркылуу бир жарым миң сөздү эки күндө жаттап койсо болот. Мисалы менин окуучуларым бир сааттын ичинде 190 цифраны жаттаган. Ал эми табигый жол менен бир күндө дагы жаттай албашы мүмкүн.

***-Студенттерге кандай кеңеш бере аласыз?***

-Эң биринчи эле кеңешим окуу жайда окуп жаткан сабактарыңдын өзүңө керектүүсүн ылгап алууң зарыл. Сен бардыгынан беш чыгышың маанилүү эмес. Сага керексиз болгон сабактардын ордуна, кесибиңе пайдасы тие турган кошумча курстарга же иш-чараларга катышууну сунуштайм. Себеби бизде пайдасыз сабактарды көп кошот жана көп энергияларың ошого кетет. Өзүңдү өнүктүр, ар дайым аракетте бол, жаңы нерселерди ойлон жана токтобо. Жаңы чөйрө кур, дос тап, өнүк, өс, тил үйрөн.

***-Маек үчүн чоң ыракмат. Саламатта болуңуз!***

-Ыракмат!

**Маектешкен: С. Маматкары уулу**

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

# Тил – мурасты сактоонун, өнүктүрүүнүн эң күчтүү куралы

**1999-жылдын 17-ноябрында ЮНЕСКОнун Генералдык конференциясы тарабынан жарыяланган Эл аралык тил күнү 2000-жылдан тартып белгиленип келет. Эне тилди жайылтууга болгон бардык кадамдар көп тилди колдонууга, дүйнө боюнча тилдик жана маданий салттар менен таанышуу үчүн эле эмес, бири-бирин түшүнүүнү, тилектештикти жана пикир алышууну чыңдайт.**

**Дүйнөлүк эне тил күнүнүн 21-февралда белгиленип калуу тарыхы Бангладеш өлкөсүнүн жаштары эсептелет. Ушул күнү Бангладештин жарандары эне тилинин “мамлекеттик тил” статусун алуусун талап кылып, митингге чыкканда, күч органдары тарабынан көптөгөн студенттер өлүмгө учураган. Бул окуяны эскерүү максатында эне тил ар улуттун байлыгы экенин унутпоо үчүн ЮНЕСКО дал ушул күндү Бүткүл дүйнөлүк эне тил күнү деп белгилеген.**

**Ош мамлекеттик университетинде да 15тен ашык тилдер окутулат. Назарыңыздарга көп тил билген студенттерди тааныштырабыз.**


(сүрөт интернеттен алынды)

**Сатыбалдиева Айдана, Эл аралык билим берүү программалары жогорку мектебинин студенти:**

## “Канча көп тил билсең, ошончо жолу адамсың”



Пайдасыз билим болбойт дегендей, азыркы учурда 5-тилди үйрөнүп жаткан кезим. Кыргыз жана орус тилдеринде кичинекей кезимден бери сүйлөйм. Англис тилин мектепте үйрөнүүгө аракет кылып, кызыккан эмес элем. 1-курсумда Испанияга баруу максатында англис жана испан тилин үйрөндүм. 3-курста 44 студенттин ичинен Эрасмуз грантын жеңип, Испанияга барып бир семестр окуп кайттым. Ал жерден В1 деңгээлин алып, азыр В2 деңгээлин окуп жатам. Тил үйрөнүү үчүн бир канча курстарда окудум, өз алдымча ютуб аркылуу үйрөндүм, таң эрте туруп, сөздүк жаттадым. Макала, китептерди англис тилинде, видео көргөндө же адамдар менен сүйлөшкөндө испан тилин колдонуу жагат.

Учурда немис тилин үйрөнүп жатам. Испанияда көп немис досторду таптым, алар менен өз тилинде баарлашкым келет. Курстардын методикасы жакпагандыктан, өз алдымча окуп үйрөнүүдөмүн. Португал жана италиан тилин бир аз түшүнөм. Буюрса немис тилинен кийин ушул 2 тилди окуп баштайм.

Студент досторго айтарым, көбүрөөк видео көргүлө. Мисалы: март айына 50 зат атооч, апрель айына 50 этиш, майга 50 сын атооч сөздөрдү бөлүп жаттап, андан кийин грамматикасын окусаңар болот. “Канча көп тил билсең, ошончо жолу адамсың” деген сөзгө толук кошулам.

**Кубанычбек кызы Бубусара, Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин студенти:**

## “АНГЛИС ТИЛИНДЕ СҮЙЛӨШСӨМ, ЭРКИН БОЛОМ”

3 тилде эркин сүйлөйм. Биринчиси, албетте, бул кыргыз тили. Орус тилин бала кезимден билем, англис тилин да мектепте жүргөндө эле үйрөнүп баштагам. Эң башкысы аракет экен. Өз алдымча көп изилдендим. Ошентсе да, биздин китепканага келген америкалык волонтерлор менен аралашып жүргөндүгүм мага өзгөчө практикалык сабак болду десем жаңылышпайм. Теориялык билим алуудан сырткары практика менен үйрөнсө, адам тез өнүгөт тура. Чет өлкөдө жашасаң ар кандай адамды жолуктурат эмессиңби, мен да көп адам менен сүйлөшүп жүрүп, бир аз япончо да түшүнүп калдым десем болот. Бул тилди дагы окусам деген ойлорум бар.



Ошентсе да өзгөчө англис тилинде баарлашкан жагат. Өзүмдү эркин жана ачык айрым сезем. Бир жолу чет жакта жүргөндө англис тилин билбеген орустарга бир эки сөздү которушуп койгонум үчүн 100 доллар беришкен.

Буюрса келечекте дагы башка тилдерди үйрөнсөм дейм. Тил билгеним мени көп жакшылыктарга жеткирди, көп досторду, көп жерлерди көрдүм. Англис тилин үйрөнүүнү баарына сунуштайт элем, азыр ар тараптуулуктун, универсалдуулуктун заманы эмеспи.



**Юлдашев Сардорбек, Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин студенти:**

## “Буюрса дагы тил үйрөнөм”

Бул жерде мугалимдер жакшы сабак беришет. Азыр орус, англис, француз, немис, кыргыз, тажик жана авган тилдерин билем. Албетте, мындай тилди үйрөнүү оңой болгон жок, бирок талыкпаган аракеттин арты менен жетиштим. Ата-энем жаш кезинен эле тил үйрөнүүгө кызыгышкан. Кичинекей кезимде бир жолу биздин айылга туристтер келген, ал кезде мен мектепте окучумун, көп тилдерди билчү эмесмин, ошондо аларды мугалимибиз бизге тааныштырып, абдан кызыгуу менен карап, аларды түшүнө албай калдык. Ошондон тартып тил үйрөнүүгө болгон кызыгуу пайда болгон. Буюрса дагы да тил үйрөнүүгө болгон аракетимди кыла бермекчимин. Тил үйрөнүүгө болгон кызыгуумдан улам ОшМУда окуп жатам.

**А.Гадаева, Э.Аданова**

ОшМУда Жаштар бизнес паркы активдүү иштеп келе жатат. Бизнес-инкубаторлордун иши Кыргызстандын экономикалык коопсуздугун камсыздоого жана өлкөнүн технологиялык көз карандысыздыгын калыптандырууга багытталат. Билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын артыкчылыктуу багыттарынын бири – жаштарды жана келечек муундарды окутуу үчүн ыңгайлуу, заманбап шарттарды түзүү болуп саналат. Студент биринчи курстан баштап конкреттүү бир бизнес идеяны акыл-оюнда бышырса, акыркы курста стартап форматында ишке ашырса, анын натыйжасында коом үчүн жаңы жана өтүмдүү болгон бир продукт өндүрүүнү жолго койсо, бул чоң ийгиликке жетүү болуп саналат.

Бул жерде ар кандай тармактарда стартаптарды түзүүгө жана алдыга жылдыруучу идеяларды иш жүзүндө колдонууга мүмкүнчүлүк алышат. Студенттер ойлоп тапкан идеялары менен ушул жерге чогулуп, тажрыйбалуу насаатчылардын жардамында бизнес долбоорлорду иштеп чыгышат. Алардын жасаган эмгеги квалификациялык жумуш катары баалана турган болуп атат. Ошондуктан студенттер эч тартынбай өз идеяларын ортого салып, талкуулап, бизнес долбоорлорду иштеп чыгышса, аны каржылап бергенге университеттин мүмкүнчүлүгү бар. Биздин коногубуз Кубаныч уулу Кумарбек, ОшМУнун "Ыйман" гимназиясынын окуучусу. Эмгектери тууралуу төмөндөгүлөрдү айтып берди.

# Бизнес паркта долбоор түзүүнү, экономикалык жактан сабаттуулукту үйрөндүм



**Азыр 16 жаштамын. Билимдин изин кууп атайын алыскы Кара-Кулжа жергесинен ОшМУнун "Ыйман" гимназиясына окууга келгенмин. Учурда ушул жерде окуйм.**

**Долбоордун аталышы Horse Harness Бул бизнес долбоор кыргыздын илгертеден атадан балага берилип келе жаткан мурастарынын бири: булгарыдан жасалуучу ат жабдыктарын жана буюм-тайымдарды (сумка, капчык ж.б.) даярдоо болуп эсептелинет. Ат жабдыкты жасоону атам үйрөткөн, үй-бүлөдө 3 уулбуз, үчөөбүз тең бул жаатта мыктыбыз деп айта алам. Ортончу агам ОшМУнун Табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинде окутуучу болуп эмгектенет, долбордун ментору да агам. Ал аркылуу ОшМУнун "Жаштар бизнес паркы" жөнүндө маалымат алып, аталган паркта семинарларга катышып, бизнес проект түзүүнү, экономикалык жактан сабаттуулукту үйрөндүм. Албетте өзүмдүн проектимди ишке ашырууга аттандым, инвесторлор алдында проектти коргоп, 2000 долларлык гранттын жеңүүчүлөрдүн бири аталдым.**

**Азыркы учурда бардык буюмдар колдо жасалат, ал эми жеңип алган грантка жабдыктарды (оборудования) күтүп жатабыз, бизнести мындан ары да өнүктүрүү жолдорун издеп жатам.**


HORSE HARNESS
Ат жабдыктары





Айзирек Гадаева

# 14-февраль китеп күнүбү же сүйүүбү?



## Китеп күнү

14-февраль китеп күнүбү же сүйүү күнүбү? Дүйнө эли, анын ичинде Кыргызстан 2012- жылдан тартып жыл сайын китеп тартуулоо күнүн белгилеп келет. Бул дата китепке болгон сүйүүнү арттырат деп эсептешет. Майрамдын негиздөөчүсү АКШдагы балдар китеп сайтынын автору америкалык Эмми Бродмур. Ал уулунун эмне үчүн адамдар бири-бирине китеп тартуулай турган майрам жок деген суроосуна жооп изилдеп жатып ушул майрамды ойлоп тапкан. Эми бул тууралуу алгач интернеттеги досторуна, кесиптештерине айтып, 14-февраль китеп белекке берүү күнү деп демилгелеген. Кийинчерээк, миллиондогон дүйнө элдери колдоп, бул күндүн «дүйнөлүк» макамын алууга түрткү болгон.

Китепти белекке берүү күнү аркылуу балдар китептен боорукердикке, достукка, өз ара көмөктөшүүгө, сүйүүгө, санаалаш болууга үйрөнөт, деги эле баланын чыныгы инсан болуп калыптанышына китептин пайдасы тиет.


(сүрөт интернеттен алынды)

## Бул күн ыйык Валентин күнү

14-февралда дүйнөнүн көп мамлекеттеринде “Valentines Day” же бардык сүйүшкөндөр күнү деп белгиленген бул күн XVI кылымдан бери бар деп эсептелет. Бирок сүйүү майрамдары – мындан бир канча убакыт мурда бутпарастык маданиятынын мезгилинде эле белгилүү болгон.

Майрамдын каарманы Валентин. Ал убакта Рим империясын Клавдий II башкарып турган. Согуш учурунда аскерлердин жоокердик рухун сактап калуу максатында ал легиондордун баш кошуусуна тыюу салган. Бирок бул чечим менен аскерлердин сүйүүгө чалдыгышы азайып калган эмес. Алардын бактысына Терни шаарынан чыккан Валентин деген адам сүйүшкөндөрдүн никесин жашыруун кыйып жүргөн. Император бул тууралуу билгенден кийин Валентинди өлүм жазасына тарткан. Ошентип Валентин сүйүүнүн курмандыгы болгон үчүн 496-жылы Римдик Папа Геласиус 14-февраль Валентин күнү деп жарыялаган.

Бул күнү үйлөнүү той өткөрүү жана нике кыюуну жактырышып, сүйүүнүн түбөлүк болуусуна шарт түзөт деп эсептешет. Мисалы: Японияда бул күнү таттууларды белекке берүү салты – шоколад чыгарган ири фирмалардан улам келип чыккан. 30-жылдардан тартып шоколад белекке берүү Японияда кеңири тарап келет.

Ал эми француздар Ыйык Валентин күнү асыл таштарды белек кылышат. А Данияда болсо, адамдар бири- бирине кургатылган ак гүлдөрдү жиберишет.

Бирок дүйнө жүзүндө Валентин күнүн майрамдоого тыюу салган мамлекеттер да бар. 1-кезекте Сауд-Аравиясы чоң өлчөмдөгү айып пул менен расмий түрдө тыюу салган дүйнө жүзүндөгү жалгыз мамлекет.

Биздин Кыргызстанда да сүйүшкөндөр күнүн майрамдоо үчүн тыюу салууга аракет кылышкан. Мындай мыйзам 2011-жылы талкууланган. Майрам “Калктын менталитетине туура келбейт, уят жана ысырапкорчулук” деп аталган.

**Ошентсе да түрдүү көз караштарга байланыштуу бул күндү белгилөө же белгилебөө ар инсандын өз чечими.**

**Айзирек Гадаева**



Практика - окутуучунун жетекчилиги астында жана аныкталган программалар боюнча окутуу учурунда, студенттердин даярданып жаткан профессионалдык ишмердүүлүктөрүнө түздөн-түз катышууларын тастыктаган, адистиктин бирден-бир профессионалдык даярдыгын түзүп туруучу ЖОЖдогу иштердин маанилүү компоненти болуп эсептелет. Окуу жайда канча студент болсо ошонун баары бекитилген план боюнча практикага чыгып, тажрыйбасын жогорулатат. Биздин редакция практикага чыккан студенттерди кепке тартып, ойлору менен бөлүшүп турууну туура көрдүк.

**Нурланбек кызы Алтынай, Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин 4-курсунун студенти**

# Биз ручканын учу менен койгон «5» окуучунун көз карашын өзгөртөт

## Мугалим болуу эң жоопкерчиликтүү кесип

Чындыгында мугалимдик кесипти мугалим болом деп тандаган эмесмин. Чет тилдерин өздөштүрүү менен эл аралык деңгээлде журналистикага окууну кыялданып тапшыргандмын. 4 жылда мен журналистика кесибин өздөштүрүп "Ынтымак" Медиада стажировкада жүрдүм, ар кандай коомдук долбоорлорго катыштым, Юнисеф, Кызыл Ай Коомунда ыктыярчы болдум. Азыр кесибимди туура тандагыныды түшүндүм. Мугалим болуу эң жоопкерчиликтүү кесип. Балдардын келечеги мугалимдердин колунда жана алардан көз каранды.

4 жыл ичинде 4 жолу алты жумалык практикага чыктык. Алгач 2-курсумда пандемия учурунда ОшМУнун Билим лицейине 2 жумага практикага чыкканмын. Чынын айтканда окуучулардын ызы-чуусун жактырбадым, бир нерсени атайын үйрөнүп келип, үйрөтөм деп аракет кылбадым. Максатым башка болгон үчүнбү айтор бул кесип жакпады.

3-курста 6 жумалык практикага чыктым. Анда жашы 60ка таяп калган эжеке предмет жетекчим болду. 5-класстын окуучулары аябай шок болот экен. Эжеке эски методика менен сабак өткөнгөбү, айтор көп ката кетирип жатты. Практиканттар келсе сүйүнүп эле болгон сабактарын өткөрүп берип коюшат. 1 жумада 20 саат өттүм. Окуучуларды кызыктыруу үчүн ар кандай оюндарды ойлоп таап келип, жакшы баа коюп, сабакка кызыктырдым. Чындыгында күнүнө 4 сааттан өтүү оор болду. Мектепке бара жатып абакка киргендей сезимдер



болсо, мектептен чыгып жатып, эркиндикке чыккандай кубанычтар болуп жатты.

## Мугалимдин деңгээли окуучулардан төмөн болбошу керек

5-класстарга проектр менен «Жаныбарлар» тууралуу темага 3 мүнөттүк мультфильм коюп бердим. Арасында бир окуучу көргүсү келбей, биз жаш бала эмеспиз, эмне кереги бар деп жактырбады. Ал окуучуга көбүрөөк көңүл буруп, кээде бир сөздү айтып, доскага чыкканы үчүн 5 коюп берип жаттым. 6 жума ичинде окуучу англис тилин жакшы өздөштүрө баштады. Кызыгуу менен мультфильм көрүп, комментарий бергенди үйрөндү. Сабактарга активдүү катыша баштады. Мугалимдердин окуучуларга ишенип турусу, окуучунун өзүнө болгон ишенимин жогорулатат. Кээде ручканын учу менен коюлган "5" окуучунун көз караштарын, каалоолорун өзгөртөт.

Мугалимдик кесиптин ээлери мектепти, окуучуларды өздөрүнүн ыктыяры менен кабыл алуусу жана бул кесиптеги жоопкерчиликти түшүнүүсү керек. Учурда ГОСТ практикадамын. Былтыркыга салыштырмалуу окуучулар менен иштешкен аябай жагат. Окуучулар креативдүү жана чыгармачыл мугалимдер менен бат тил табышат. Окуучулар ар кандай коомдук иштерге катышканы үчүн мугалимдин деңгээли окуучулардан төмөн болбош керек экенин түшүндүм.

## Ыктыярчы болгула жана тил үйрөнгүлө

Окуучуларга чоң адамдарга мамиле жасагандай кайрылуу керек жана аларга моралдык зыян алып келбеш керек. Учурда технологиянын заманы болгону үчүн баштагыдай досканы, кагаздарды азыраак колдонуп, көбүнчө проектор менен сабак өткөн аларга кызыктуу жана пайдалуу.

«Студентсиңер го! Силерден өткөн бекерчи адам жок», - деп эжекелер көп айтат. Ооба, студенттер чынында бекерчи болушат. Студенттик кезде убактың көп, энергияга байсын. Жаш студент досторго айтаарым, коомдук ар кандай долбоорлорго катышкыла. Ыктыярчы болгула, тил үйрөнгүлө. Ар кандай мекемелерге бекер деле стажировкага кирип, ар тармактан билим алгыла. Чет жакка чыгып каникул убагында жер көргөнчө иштегиле. Студенттик жашоо максаттарыңа жетүү үчүн резюмеңе жардам берет жана жаңы хоббилерди үйрөтөт. Кесип тандагандан жаңылбоо керек же тандаган кесибиңди коомго пайдасын тийгизе турган деңгээлде сүйүүң керек.

**Маектешкен: С.Маматкары уулу**

# СТУДЕНТ ДОСУМА СТУДЕНТ ДОСУНАН КЕҢЕШ

**Бекболсун Сатыбаев, Эл аралык мамилелер факультетинин студенти, “Атуулдук” стипендиянын ээси:**






## Эмне үчүн “АЛТЫН ДООР?”

Бул сөздөрдү укпаган адам саны аз эле болсо керек. Анан да бул бардык адамга насип боло турчу нерсе эмес экендиги талашсыз. Айтайын дегеним, бул доорду ар бир жаран кези келгенде, учуру менен жашап өтө албайт. Кээ бирөөсү кеч жашаса, ал эми кээ бирөөсү бир келген өмүрдө такыр жашабай өтүп кете берет. Студенттик алтын доор дегенде, баарыбыздын оюбузга ач калган, лекцияда уктап, мугалимден жалпы тайпанын алдында сөз угуп, түрдүү иш чараларга катышып, күлкүлүү окуялар жана ар кайсы региондон дос тапкан учурлар көз алдыбызга тартылат.

Эми болсо эмне үчүн “Алтын доор” деп аталып калды? А күмүш доор десе эмне болмок же болбосо коло, жез доору деп атаса болот беле? Ал турсун көз жоосун алган жакут, бриллиант доор деп аташса кимдир бирөө урушмакпы? Жок, бул мурдатан айтылып, ооздон-оозго өтүп келген сөз, анан да өзүнүн түпкү мааниси бар. Бул сөз биз студенттерге бир нерседен ишарат берип, кандайдыр бир жакка багыттагансыйт. Тарыхты карай турган болсок, дүйнөнү дүңгүрөткөн империялар, кылымда бир жаралчу лидерлер жан падышалар бир жерди басып алууда аларды кызыктырган нерсе биринчи кезекте алтындар, түрдүү байлыктар болгону күмөнсүз. Буга бир мисал катары, дүйнөдө өз орду бар азыркы Англия, Франция сыяктуу өлкөлөр бекеринен убара болуп, чыгымга учурап Индия жана Африканы колония кылып албаса керек. Ал жакта биринчи кызыкчылык алтын болгон, а экинчиси жумушчу күчү. Биз билген белгилүү саякатчы Христофор Колумб деле Индияны ачам деп адашып, Америкага барып калганы жөн жай эмес, баштапкы багыты Индия жана андагы алтындар, түрдүү байлыктар болчу.



## “Улуулардын жашоосунан үлгү алсак”

Бул тарых болду ал эми учурга келсек, азыр биз жакшы көргөн, бул үчүн күнүн күн дебей, түнүн түн дебей кара жанын карч уруп иштеген ата-эне, ага-эжелерибиз, а биз студенттер үнөмдөп колдонгон акча (сом) бул алтындын граммы менен өлчөнүп көтөрүлүп түшүп турат. Анан калса үч айлык өргүүдө четке чыгып иштеп таап келген евро, долларыбыз деле алтын менен өлчөнөт. А бул евро, доллар үчүн азыркы күндө адамдар эмнелерге гана барышпай жатат. Ушунчалык керек, маанилүү, зарыл жана баалуу болгондугун себеп катары айтсак болот. Демек студенттик күндөр да ушунчалык баалуу экенин билсек болот. Бул салыштыруулар, мисалдар менен мен айтайын деген нерсе, бул курактын кадырына жетип, кезинде барктайлы. Барктоо жолу кесибинин мыктысы болуу, керектүү тилдерди үйрөнүү, мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу жана замандын талабына жараша жөндөмдөрдү калыптандыруу болуп саналат. Муну мен улуу муундун өкүлү катары эмес, сиздер теңдүү жашташ, а балким курсташ катары айтуудамын. XXI кылымга татыктуу кадр болуу үчүн ушул студенттик алтын доордун алтындарын пайдаланып калуу вазыйпасы бизде турат. Азыр бизде убакыт, энергия жана мүмкүнчүлүктөр бар. Убакыт зымырап, эрте эле турмуштун тар, тайгалак жылма жолуна аттанабыз. Бул убакта көп нерсеге жетишүү кыйын экенин, керек болсо айрым нерселер мүмкүн эмеске айланып бара жатканын улуулардын жашоосунан үлгү алып карасак ашыктык кылбас.




**Бийгелди Апжапаров**

# Чыныгы фактылар

## 1. Канаттуулар учуу убагында укташабы?

Узак аралыктарга учкан канаттуулар бир учурда учуулары керек болот. Мисалы: Альбатрос канаттулары учуу убагында укташат. Алардын мээсинин жарым шаары уктаса, а жарым шаары активдүү иштеп, дене кулап кетпешин көзөмөлдөйт.

## 2. Өзүнүн өлөр күнүн эсептеген адам

Англиялык математик Абрахам де Муавр орто жашка жеткенде уйкусу 15 мүнөткө көбөйүп баратканын байкайт. Арифметикалык эсептөөлөр менен өзүнүн 24 сааттык күнүндө канча сааттан уктаарын эсептеп чыгып, курагы канчага жеткенде өлөрүн аныктаган эле. Чындыгында ал эсептеген күнүндө 1956-жылы 27-ноябрда ааламдан өткөн.

## 3. Эмнеге туулган күндө тортторго шамды коюп, аны үйлөшөт?

Бул нерсени же адатты 18-кылымдарда Германияда жаш балдардын туулган күнүндө жасашчу. Алар баланын жашы канчада болсо, андан бир шам көбүрөөк кылып коюшкан. Мисалы: 2 жаш болсо – анда 3 шам коюшкан. Себеби бир ашыкча шам келечектүү болуусу үчүн белги болгон. Шамды эртеден кечке жагып, кокус өчүп калса башкасына алмаштырып турушкан. Кечинде бала шамды үйлөп, анын тилеги шамдын түтүнүнө кошулуп Кудайга учуп барат деп ишенишкен.

## 4. Таза суу жетишсиздиги

Суу жетишсиздигинен жана булганган суу эсебинен дүйнөдө жылына 10 миллион адам каза болот.

## 5. Индонезияда өлгөн адамдарды кайра казып алып кийиндиришет

Маалыматка ылайык, алар 3 жылда бир жолу мүрзөгө көмүлгөн туугандарын казып алып, жууп, тазалап кийим-кечесин жаңылаган соң кайрадан көөмп коюшат. Индонезиядагы мындай салт Сулавеси аралында 1905-жылдан бери "Өлүктү тазалоо иш-чарасы" деп аталып өткөрүлүп келет. Мында көзү тирүүлөргө сүйүү жана сый-урмат көрсөткөндүк болуп эсептелет. Алар үчүн өлүм жашоонун аягы эмес, болгону чексиздик чынжырчасына айлануучу учур катары эсептелинет. Кызыгы өлүктөрдү жаңы кийим менен кийинткенден соң үй- бүлөлүк сүрөткө түшүп, алардын мыкты кийиндирилгенине карап, атайын сынак да жүргүзүлөт.

## 6. Кенгуру эмнеге артка секире албайт?

Кенгуру секирүү боюнча эң мыкты жаныбарлардын бири. Ал бир күү менен 10-12 метрге чейин секирет. Ылдамдыгы болсо саатына 50 километр. Тең салмакты кармап туруу үчүн анын күчтүү, булчуңдуу куйругу дагы бар. Куйругу өтө күчтүү болгондуктан анын 3-буту деп да эсептеп коюшат. Ошол себеп кенгуру артка секире албайт. Мына ушул факты себеп Австралиянын гербинде да кенгуру бар болуп "Австралия ар дайым алдыга гана кадам таштайт" деген девиз менен жашашат.

## 7. Адам денесинде

900 калем жасоого жетчү көмүртек, оюнчук тапанча огун жасоо үчүн калия, 7 самынды жасоого жетчү май жана 50 литрлик бочканы толтурууга жете турган суу бар.

## 8. Космосто убакыт кандай өтөт?

Жерде жана космосто убакыт бирдей болбойт. Окумуштуулардын айтымында убакыт тартылуу күчү себеп өзгөрүлөт. Гравитация канчалык күчтүү болсо, убакыт ошончолук жай өтөт. Жердин орбитасында айланып жүргөн МКС гравитация төмөн болгону үчүн ал жерде убакыт доли секунд батыраак өтөт. МКС жерден болгону 400-420 км бийиктикте жүргөнү үчүн, убакытты салыштыруу өтө кыйын. Эгер милли секунд айырма болсо, анда МКС адамдар аны сезишпейт.

## 9. Клиномания ким?

Ал төшөктө чоюлуп жатканды жакшы көргөн адам же жаталак адам.

## 10. Эң бийиктеги көл

Чатыр – Көл Кыргызстандын эң бийиктеги көлү. Ал деңиз деңгээлинен 3520,2 м бийиктикте жайгашкан. Аянты 170,6км2, узундугу 23км, туурасы 11км, тереңдиги батышында 18-19м, чыгышында 8 метрге жетет. Балык болбойт.

**Булак: @chynygyfakt инстаграмм баракчасы**

**Топтоштурган: Айзирек Гадаева**







(сүрөттөр интернеттен алынды)

"Нур" ОшМУнун студенттеринин коомдук-маданий гезитинин журналдык тиркемеси
**Башкы редактору:**
САМАТУЛЛА МАМАТКАРЫ УУЛУ

**Редакциялык кеңеш:**
А.Айтманбетов
Т.Алдакулов
М.Ниязалиев
З.Нуралиева
М.Маматжанов
Д.Бектемир уулу

**Редакциялык топ:**
Айзирек Гадаева
Канайым Акназарова
Даткайым Эртабылды кызы
Бийгелди Апжапаров
Жунус Асеков

**Фото кабарчы:**
Р. Максутов

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютер борборунда терилип, даярдалды. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн №106

**Банктагы реквизиттер:**
ИНН 00207199610017
р-с. 703802401
«РСК-Банк» Ош филиалы
Ош шаары БИК 129039
**Редакциянын дареги:**
Ош шаары, В.Ленин көчөсү 331, ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
Тел.: +996 707 647 902